*УДК: 37.013 (575.2)*

***Үкүева Бүшарипа  Кожояровна п.и.д., профессор***
***Ukueva 1949 @ mail.ru***
***Ош мамлекеттик университети***

# “МАНАС” ЭПОСУНДАГЫ МИФТИК, ФИЛОСОФИЯЛЫК ИДЕЯЛАР

# PHILOSOPHICAL AND MYTHIC IDEAS OF EPIC “MANAS”

***Аннотация:*** *Аталган макалада “Манас” эпосу камтыган философиялык сөз берметтеринде кыргыз элинин дүйнө таанымы, аң-сезими, кыргыз элиндеги улуттук спецификалык өзгөчөлүктөр чагылдырылат. Айрыкча белгиленүүчү нерсе, үчилтиктин тулку бою элдик оозеки чыгармачылыктын үч жанрынан куралгандыктан, кулакка жагымдуу, жүрөккө таасирдүүлүгү менен айырмаланып, анда турмуш чындыгы чагылдырылып, идеялык таалим-таасири адал жашоого үндөгөндүгү менен баалуулугу белгиленет.”Манас” эпосундагы негизги темалар мифологиялык булактан агып чыгып, реалдуу философиялык дайраны түзгөн темалар экендигинде. Эпос алгач адамзаты жаралгандан баштап, анын аң-сезиминин, тилинин, мифтик дүйнөсүнүн өсүп-өнүгүшү тарыхый дүйнөнү таанып, андан ары өнүгүшү менен тыгыз биримдикте экендиги каралат.*

***Аннотация:*** *В этой статье отражаются мировоззрение сознание, национальные особенности кыргызского народа философские мудрые изречения включающие в эпосе Манас Особо значимое слово, составленное из трех жанров устного народного творчества в содержании трилогии отличаются приятно слышимости и впечатлении, и в них отражаются правда жизни, отмечается ценности призыва к идейному обучению и к честной жизни.Основные темы эпоса “Манас”  вышедшие из мифов и темы созданные из реальных источников, начатый с рождении человека, его сознании языка, развития мифологического мира, истори ческий мир рассматривается дальнейшее развитие единства.*

***Abtract:*** *There are Kyrgyz national features such as Kyrgyz outlook, sense, in philosophic words of “Manas” epic. Especially, it is valuable with its ideological education, to the right (correct) life, because genre of the epic is composed of oral, national creation. The realistic themes of Manas epic is based on the mythic themes. Manas epic gets involved with how the human senses and languages were appeared, improving  mythic world and recognizing historical world.*

***Түйүндүү сөздөр****: “Манас” эпосу, миф, философия, идея, аң-сезим, атрибуттар, анимизм, өмүр, өлүм, диалектика, маңыз.*

***Кючевые слова****: Эпоса”Манас”, миф, философия, идея, сознание, атрибуты, анимизм, жизнь, смерть, диалектика, сущность.*

***Key words:*** *epic, “Manas” myth, philosophy, idea, sense, life, death, attribute,dialectic, maintenance.*

“Манас” эпосу камтыган философиалык сөз берметтеринде кыргыз элинин дүйнө таанымы, аң-сезими кыргыз тилиндеги улуттук өзүнчө өзгөчөлүктөр чагылдырылган. Өзгөчө белгилөөчү нерсе, үчилтиктин тулку бою элдик оозеки чыгармачылктын үч жанрынан куралгандыктан алар кулакка жагымдуу жүрөккө таасирдүүлүгү менен айырмаланып, анда турмуш-чындыгын чагылдырылып, идеялык таалим-таасири адал жашоого үндөгөндүгү менен баалуу. Көптөгөн окумуштутуулар белгилегендей ”Манас” эпосундагы негизги темалар мифологилык булактан агып чыгып, реалдуу дайраны түзгөн темалар  экендигинде. “Манас” эпосу алгач адам жаралгандан баштап анын аң-сезиминин, тилинин, мифтик дүйнөсүнүн өсүп өнүгүшү тарыхый дүйнөнү таанып, анын андан ары өнүгүшү менен тыгыз биримдикте каралып жүрүп олтурулат.

Адам баласынын алгачкы түшүнүктөрү да мына ушул процессте пайда болгондугу байыркы гректердин мифтериндеги от, суу, күн, түн ж. б. кудайларынын пайда болушу  да ушул жагдайга күбө. Маселен кайсы элдин тарых, окуясын албайлы анда адегенде миф, жомок, легенда менен байланышып тургандыгын байкайбыз. Алсак, көгүлтүр Ысык-Көл, Чолпон-Ата, Сан-Таш тууралуу ж.б.у.с. айтылган легенда, уламыштарды айтсак болот.

Адам баласындагы мындай түшүнүк акыры жыйналып отуруп. типтүүлүктү жаратып, андан “мен” деген түшүнүк пайда болушунан улам карама-каршы түшүнүктөр жаралып, башкача айтканда ак ниет, көрө албастык, аңкоолук, кайраттуулук, сабырдуулук, тенденцияларынын пайда болушуна алып келген. Бул тенденциялардын өнүгүшү менен адам баласы өзүнө коргоочу издеп, жан-жаныбарларга сыйына баштаган. Андан улам тотемдик түшүнүк пайда болгон. Жалган, чын дүйнө түшүнүгүнүн өнүгүп өсүүсүнөн улам “мендин”элементтери калыптанып, Манастын образынын классикалык үлгүсүнө жеткендигин окумуштуулар белгилешет. Кыргыз эли ислам динине киргенге чейин шаман дининде болуп, бардык жаратылыштын кубулуштарына сыйынышкандыгы Манастын колдооочуларынан көрүнөт. Өзүн коштогон колдоочулары аркылуу Манастын образы ачылып, кырк чилтен кызыр Ныязы баш болуп, бир мүчөсүн карасаң, комдонун жаткан көк жолборс, кара чаар кабылган, капталында чамынып, чолок көк жал арстан оң жагында камынып, Асмандан алп кара куш –Зымырык. азыр эңип кетчүүдөй аркайып бутун салыптыр. Колдогону бир тогуз, коржоктотуп Манасты, -деп сүрөттөлнт. Манастын портретин ачууда бул касиеттүү айбандар менен коштолуусу анын ченде жок баатырдыгына кошумча компонент катары көркөмдүгүн арттырып турат.

Бул көркөм атрибуттар Алманбеттин экөөнүн атынын адамча сүйлөп, жаман жакшы окуя болоорун алдын ала сезүүлөрүнөн да көрүнөт. Тулпарлардагы мындай сыйкырдуу касиеттер түндүк, түштүк Сибир элдериндеги тотемдик ыйыктык байыртадан эле гректердин “Кентавр”, башкырлардын “Зятуляк”, “Хыухылу”, “Кара жорго”, “Ак боз ат”, калмактардын “Жаңгар”, казактардын “Кабыланды баатыр”, кыргыздардын “Эр төштүк”, “Манас” үчилтигинде арбын кездешет. Бул аттар өз ээлерине жакындан жардам берип, адамча сүйлөп, жол көрсөтүп, аларга жардамчы катары милдет аткарышат. Маселен, Манастын Аккуласы, Төштүктүн Чалкуйругу, Жолойдун Ачбууданы, Көкөтөйдүн Мааникери, Алманбеттин Сараласы, Карач, Көкүлдүн тулпары, Нескаранын Чабдарын мисалга алсак болот. Ошондой касиет Манас төрөлгөндө Умай эне киринтип, чарайна менен чайкаганда оң колунун чарайна тийбей калган жерине кийин Жолой найза менен сайып Манас ошонун жараатынан өлгөнү буга мисал. Мындай сыйкырдуу касиеттүү көрүнүштөрдү башка элдердин жомокторунан да кездештирүүгө болот. Бирок канткен менен бул мифтик сыйкырдуу көрүнүштөрдө кандайдыр бир деңгээлде чындыктын элементтери жатканын байкоо кыйын эмес. Анткени ушул элементтердин азын оолак деталдары кыргыздын эпикалык чыгармаларында колдонулгандыгын “Кожожаш”, “Карагул ботом” чыгармаларынын ички мазмунунан адамзаты жаратылышка адилетсиз мамиле жасабоо керектиги мунун ачык далили экенин көрүүгө болот. Алсак, кайберен, эчки-теке, элик, аркар-кулжа бугулардын пири болуп саналат. Ошондуктан кыргыз элинин байыртадан келе жаткан ички жан дүйнөсүндөгү гумандуулук эң кичинекей кумурскадан баштап, айлана-чөйрөгө, адам баласына адилет жана ыймандуу адамгерчиликтүү мамиле жасоо, негизги тарбиянын максаты болгон. “Манас” эпосунда мифологиялык образдар боюнча философиялык ойлор жыш. Себеби мифологиялык образдар, философиялык туюмдар менен тыгыз байланышкан. Эпосто адам мүнөзүндөгү оң жана терс мүнөздүк сапаттар адамдын жашоо турмушунда ролу чоң. Өзгөчө өлүм менен өмүр. Адам жашоосундагы бул эки маңыз эпосто кайра-кайра кайталанып адам жашоосун өлүм жана өмүр түзө тургандыгын айгинелейт. Маселен, Жакып акыры ар пенденин башында өлүм бардыгын, эгер өлүп кетсе аркасында туяк калбасын Чыйырдыга С. Орозбаковдодо минтип эскерет:

Беш түлүктөп мал жыйдым,
Беш чака пулча арам жок,
Жака салып тон кийип,
Жабдык салып, ат минип,
Жанымда турар балам жок.
Ажал ачык чара жок,
Аман жүрөр санаа жок,

Акыретке бет алсам,
Атакелеп артымдан,
Наалып калаар балам жок (2: 82),
Же,
Асман жердин арасы,
Ачып көзүң карачы,
Чыгып кетер жер барбы,
Кудай менен урушуп,
Өлбөй турган эл барбы?
Окчуга ойрон салганы,
Ойлондум дүйнө жалганын,
Кызыл чок ойрот кытайдан,
Мүсүрөт кетип калганың-деп, (2: 34-35)өлүм менен өмүрдүн, бул дүйнө менен тиги дүйнөнүн чындыгын ачып сүрөттөйт.

Ал эми эпостогу анимизм лат. (Animus-жан, рух) - дегенди билдирип “материалдык жана материалдык эмес бардык нерселер менен кубулуштар сыйкырдуу, керемет күчкө эгедер, алардын үстүнөн башкарып турган жандардын бар экенине карата болгон ишеним (1:91) - дегенди билдирет. Буга жогоруда белгиленгендей, табигаттын бардык кубулуштары сыйкырдуу касиетке ээ деген түшүнүк менен Чыйырдынын бала көрөм деп, сыйынбаган эч нерсеси калбагандыгы, курбандык чалуусу жана адам баласынын үч: жер асты, үстү, асмандагы жашоосу, Манастын колдоочулары 40 чилтен, Кыдыр, баба дыйкан, Ойсул Ата, Камбар Ата, Шаймердендин колдоосу “Семетейде” да кездешет. Манаска күлөөлү допучан дубананын, Сейтеке Кыдыр атанын ат коюшу, Айчүрөктүн теги ж.б. атоого болот. Ал эми эпостогу колдонулган фетишизм –( франц fetishe- керемет) - “адамдарга тиешелүү сапаттарды буюмдарга, нерселерге таандык кылып, алардын кереметтүү күчүнө ишенген көз караш”(1:323) б.а. мифологиялык түшүнүктүн бир салаасы болуп-эсептелет. СО менен СКдин варианттарындагы бул диний түшүнүктөр калмак- кытайлардын буттары –кудайларынын сөлөкөттөрүнүн сүрөттөлүшү, алардын алтын менен күмүштөн тургузулушу, Коңурбай Манас менен согушаарда бутуна сыйынышы, кыргыздардын –тулу– б.а. кыргыздарда эри өлгөн аялдын эринин келбетин жасап, ага эринин киймин кийгизип, жылы өткүчө көшөгө тартып аялынын жанына коюушу. Бул өлгөн адамдын рухун сыйлоо көрүнүш, Агыдайдын далы көрүүчүлүгү, Төлөктүн төлгөчүлүгү, Алманбеттин жыйчылыгы элдик идеянын даңазаланышына чоң таасирин тийгизип, эпостун фантастикалык мифологиялык көркөмдүгүн ачып, идеялык–эстетикалык баалуугун жогорулатып турат. Мындай байыркы ой жүргүтүүнүн элементтери ”Манас” эпосунун башка бөлүмдөрүндө учурабайт.

Ошондой эле Манас чоңойгондон баштап шок чыгып, манжурлуктардын “кой” десе болбой тийишкендеринин азабын бергенде Жакын Манастын бул жоругуна капа болуп:
Алыша турган айла жок,
Качып кирер токой жок,
Караан кылар Огой жок.
Бел байлатар белиң жок,
Бекип жаткан жериң жок,
Бет алышып салышсак,
Белге таңуу кылууга,
Белгилүү кыргыз элим жок-деп, чыныгы элинен ажыраган 40 үйлүү кыргызды өлүмдөн сактап калаар эч кими жок экендигин баласынын ички жан дүйнөсүндөгү психологиялык абалын тең бөлүшкөн философиялык ой толгоорунан көрүүгө болот. Анткени Жакыптын жана Акбалтанын оюу Алтай өз эли болбогондон кийин чет элдин арасында жамандыктан алыс болуп, элге калыс жана акылмандыгын, сабырдуулугун көрсөтмөйүнчө элдин алкоосунна татыбай тургандыгын:

Башчысы болбой марыбайт,
Баш аламан жарыбайт,
Ханы болсо кар болбойт,
Жарактуу киши зар болбойт

Жайыты болбой мал болбойт-деп, бул жерде эгер эл башчысы жаман болсо, эли баш аламан болот, андай жерде ынтымак да, ырыскы да болбойт. Эгерде ал адилет, сабырдуу, ак ниет болуп, ар дайым жоо жарагы белен эл, эч кандай кор болбойт деген жакшы жашоо образын аныктап турат Анткени башчы, башчылык оң мүнөздүк касиеттерге ээ болбосо, эли марыбайт да, жарыбайт, өнүкпөйт. Колунда жарагы бар адам туткунда калбайт, кор болбойт деген Сагымбайдын саптарында адам баласынын жашоо тиричилиги айлана- чөйрө, табигат менен тыгыз байланышта экендигин күчтүү саптар менен бергендигинде.Табигат гана адам баласынын жашоосуна маңыз болуп тургандыгын 40 үйлүү кыргыз Алтайга айдалып келгенде эч нерсеси жок, ачкадан кырылаарда Акбалтанын акылы менен эгин эгип, алтын элеп, Алтайлыктардын алдына чыгып, баштары көрүнүп, хан аталгандыктары да, кыргыздардын жердин көзүн билип, иш тетип, күнү-түнү эмгек кылуусунун, сабырдуулугунун натыйжасы экендигинен көрүүгө болот. Ошондой эле эпостогу санат-насыят ырларындагы философиялык ой- тизмектери жыш колдонулган. Маселен “түбү бирге кошулат, учу бирге жазылат”, “желке тери тон болбойт, жээн деген эл болбойт”,. “Кулаалы таптап куш кылдым курама жыйнап журт кылдым” сыяктуу саптар чыныгы турмуштун натыйжа далили.

Акбалтанын:
Бөлүнсөн бөрү жеп кетет,
Бөлүнүп калды кыргыз деп,
Бөлөк элге кеп кетет.
Жарылсан ууру алуучу.
Жарылып калды кыргыз деп,

Жаманатты кылуучу, деген сөзүнүн өзүндө жамандыктан, кара өзгөйлүктөн качып ынтымактыкка чакыруучу асыл философиялык ой тутумдары жатат. Эпостогу эң көп кездешкен философиялык ой-жашоо үчүн күрөш – түбөлүктүүлүк идеясы, эпостун бардык варианттарындагы алдыңкы пландагы идея:

Кайран Балтай, Жакыпты,
Кырк үйлүү кыргыз баш кылып,
Алтай көздөй айдады.
Бирөө айдалды ийренге,
Бирөө түшүп кетти теренге.
Бирөө айдалды оруска,
Жер таба албай конушка,
Оболку дарты козголду,
Тополоңу боз болду.
Колу артка байланып,
Булардын бөлүп турганда,
Калайык журттун баары ыйлап.
“Ай, Каракан өлбө-деп,-”
Азапты бу журт көрбө деп,
Бул өңдөнгөн кордукту,

“Мендесине бербе”-деп, бул жашоодогу күттүрбөй келген кайгы, күткөн сүйүнүч менен үмүттүү жашоодо адам баласын коштоп жүрүүчү түбөлүктүү темалар менен коштолгонун көрөрбүз. Анткени жашоо өзү ак, карадан турат ал-өлүм, өмүр, жамандык, жакшылык, карасантайлык, адилеттүүлүк, ичи тардык, марттык жашоонун философиялык түзүмү. Ансыз диалектиканын закону маңызсыз. Карама- каршылыксыз түз сызыктай жашоо жок, жашоо табияты улам өлүп кайра тирилип тургандыктан, эпостогу каармандардын иш аракети да жамандыкка, зомбулукка каршы адилеттүү күрөш өкүм

сүргөндүгүн Айкожонун Билеригин кытайлар кармап алып, кырк аркандык орго салганда, Эр кошой:

Кыйла журтту кырды-дейт,
Кыргынды кызык салды-дейт,
Айкожонун Билерик
Кытайдан тартып алды-дейт,
Ат Башынын Чече-Дөбө,
Мекен кылып калды-дейт,
Алты-Шаар, Маргалаң
Алымды мыктап алды-дейт,
Жети-Өзөндөй кайран жер,
Эби менен жер кылып,
Азган-тозгон кыргызды,
Эптеп жүрүп эл кылып,
Кулаалы багып куш кылып.
Курама жайып журт кылып,
Тели куш багып куш кылып,
Тентиген элди жыйып журт кылып,
Катагандын кан Кошой,

Коргонун таштан салды-дейт-деп, жашоо үчүн күрөш бул түбөлүктүү экендигин көрсөтөт. Ошол эле мезгилде жашоонун шарында билим алуу, элин душмандан сактоо, биримдикке чакыруу, эр кишинин милдети экендигин

С.К. де:

Каракандын кан Кошой
Пайгамбар чалыш карыя,
Адамдан артык туулган олуя.
Батасы эрди байыткан,
Дубасы жанды жарыткан,
Беделин көргөн чогулган,
Он эки пирге кол берип,
Абаң Кошой кайран эр.
Мекеден беш жыл окуган
Калыйпадан кат алган,
Мушу менен ал Кошой,
Даанышман Кошой аталган,
Мисир менен Багдаддан,
Мындан беш жыл окуган,

Белгилүү Кошой эр ошол (3:327)-деп сүрөттөлот. Манас өлгөндө атанынын ишин баласы улантуу зарылдыгын туура түшүнгөн Каныкей Семетейди чоңойтуу максатында Букарага алып качуу менен уласа,Семетейде ал өлгөндөн кийин Каныкейдин эле эмес түмөн кыргыз элинин тилек-үмүтүн ишке ашырып, элди адилеттүү, жакшы жашоосун улантууну каалаган Айчүрөк Сейтекти сактап калуу менен жашоонун түбөлүктүүлүгүн жана ал карама-каршылыктан тураарын туура түшүнүп, аңдашаарын алар өз иш-аракеттери менен далилдешет.

### ***Адабияттар:***

1. Манас энциклопедия. 1-7 том. -Фрунзе: Кыргызстан.1979.
2. .Орозбаков С.1-том.- Б.1995.
3. Каралаев С.1-том. -Бишкек.1995.
4. Үкүева Б.К. Манас таануу.–Ош.2013-14.